# ТҮРК МАМЛЕКЕТТЕР УЮМУНУН БЕЙРАСМИЙ САММИТИ БУДАПЕШТ ШААРЫНДА ӨТТҮ

2025-жылдын 21-майында Будапешт шаарында Түрк мамлекеттер уюмунун (ТМУ) мамлекет жана өкмөт башчыларынын бейрасмий саммити өттү. Саммитке Мажарстандын Премьер-министри Виктор Орбан төрагалык кылды. Жыйынга Азербайжан Республикасынын Президенти Илхам Алиев, Казакстан Республикасынын Президенти Касым-Жомарт Токаев, Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров, Түркия Республикасынын Президенти Режеп Тайип Эрдоган, Өзбекстан Республикасынын Президенти Шавкат Мирзиёев жана ТМУнун Башкы катчысы Кубанычбек Өмүралиев катышты.

“Чыгыш менен Батыштын жолугушуу түйүнү” темасында өткөрүлгөн бейрасмий саммит, мамлекет башчыларына маанилүү багыттар боюнча кызматташууну чыңдоо жана жалпы регионалдык жана глобалдык маселелер боюнча пикир алмашуу үчүн маанилүү мүмкүнчүлүк жаратты.

Мамлекет башчыларынын кеңеши тарабынан төмөнкү документтерге кол коюлуп, кабыл алынды:

- Түрк мамлекеттер уюмунун бейрасмий саммитине байланыштуу Будапешт билдирүүсү;
- “Өзбекстан Республикасынын Түрк маданияты жана мурасы Фондуна кошулуусу” жөнүндөгү чечим;
- ТМУнун Башкы катчысынын кызмат мөөнөтүн узартуу тууралуу чечим;
- Мамлекет башчыларынын кеңешинин Ооганстан боюнча билдирүүсү.

Тышкы иштер министрлер кеңеши тарабынан төмөнкү документтерге кол коюлуп кабыл алынды:

- «Түрк мамлекеттер уюмунун Мажарстандагы өкүлчүлүк кеңсесинин аткаруучу директорун дайындоо» жөнүндө чечим;
- «Түндүк Кипр Түрк Республикасына Түрк Академиясында байкоочу макамын берүү» жөнүндө чечим.

Ошондой эле саммиттин алкагында сыйлык тапшыруу аземи өткөрүлүп, Нобель сыйлыгынын лауреаты, молекулалык биолог, түрк профессору Азиз Санжарга «Түрк дүйнөсүнүн биримдигине кошкон салымы» үчүн Түрк мамлекеттер уюму тарабынан «Алишер Наваи Эл аралык сыйлыгы» ыйгарылды.

Мындан тышкары саммиттин алкагында Мажар мамлекеттик опера театрында мамлекет жана өкмөт башчыларынын урматына арналган маданий программа да уюштурулду.

Бул саммит – ТМУнун байкоочу макамдагы өлкө аймагында өткөрүлгөн биринчи саммит болду.

Саммит жыйынтыкталгандан кийин ТМУнун Башкы катчысы, Элчи Кубанычбек Өмүралиев жана Мажарстандын Тышкы иштер жана тышкы соода министри Петер Сийярто биргелешкен басма сөз жыйынын өткөрүшүп, саммиттин жыйынтыктары жана Түрк мамлекеттер уюмуна мүчө мамлекет башчылары кабыл алган чечимдер тууралуу кеңири маалымат беришти.